Кимде-ким ант берип, антында: "Лат жана Уззага ант" деп айтса, ал "Лаа илааха иллалллаху" деп келме келтирсин. Кимде-ким жолдошуна "кел кумар ойнойбуз" деп айтса, ал садага берсин

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким ант берип, антында: "Лат жана Уззага ант" деп айтса, ал "Лаа илааха иллалллаху" деп келме келтирсин. Кимде-ким жолдошуна "кел кумар ойнойбуз" деп айтса, ал садага берсин.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын атынан башка нерсе менен ант ичүүгө тыюу салып, катуу эскерткен. Ыймандуу адам Аллахтын аты менен гана ант ичет. Кимде-ким Аллахтын атынан башка нерсе менен, мисалы: Лаат жана Уззага ант деп, Исламга чейинки доордо кудай кылып сыйынып жүрүшкөн эки буттардын аты менен ант ичсе, ширктен өзүн тазалоо үчүн жана бул антынын күнөөсүнөн кутулуу үчүн дароо "лаа илааха иллал-лааху" деп келме келтириши зарыл. Ошондой эле, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким жолдошуна "кел кумар ойнойбуз" деп айтса, аны чакырганы үчүн дароо садага берсин деген. Кумар оюну эки же андан көп кишинин ортосуна коюлган акчага ойнолуп, алардын бири да утуп аларын же утулуп каларын билбейт.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/6379